Green Alliance.KG

## СТУДЕНТТЕР ЖАНА МЕКТЕП ОКУУЧУЛАРЫ ҮЧҮН "СЫР-ДАРЫЯ-2025" СЫНАГЫ

**Урматтуу студенттер жана мектеп окуучулары!**

Германия Эл аралык Кызматташтык Коомунун (GIZ) каржылык колдоосу менен "Борбордук Азиядагы климаттын өзгөрүшүн эске алуу менен суу ресурстарын башкаруу" долбоорунун алкагында **СЫР-ДАРЬЯНЫН ЭЛ АРАЛЫК-2025 КҮНҮНӨ АРНАЛГАН сынакты баштайбыз.**

**Катыша ала турган аймактар:**

- ✓ Нарын
- ✓ Ош
- ✓ Жалал-Абад облустары.

**Катышуучулар:**

*Студенттер* – студенттер, магистранттар, аспиранттар.
*Мектеп окуучулары* – 9-11 класстын окуучулары.

**Конкурстун максаты:**

- ✓ Сыр-Дарыя жана Кара-Дарыя дарыяларынын маанилүүлүгүн, тарыхын, азыркы абалын жана келечек муундар үчүн сактоонун маанилүүлүгүн жогорулатуу;
- ✓ Кыргызстандын жаштарын экология жана туруктуу өнүгүү жаатында колдоо

**Конкурстун өткөрүү мөөнөтү:**

- ✓ Жумуштарды кабыл алуу: 2025-жылдын 12-августунан 12-сентябрына чейин;
- ✓ Жыйынтыктарды жарыялоо: 2025-жылдын 15-сентябрында.

Студенттер жана мектеп окуучулары арасында ар бир облустан 3-төн номинация каралып, жеңүүчүлөргө баалуу сыйлыктар тапшырылат.

***Жеңүүчүлөр Ош шаарында өтүүчү Улуттук форумда сыйланышат!***

**‼Баардык катышуучулар СЫНАКТЫН ШАРТТАРЫН кунт коюп окууңуздарды суранабыз‼**

### НОМИНАЦИЯЛАР ЖАНА ТАЛАПТАР:

*Студенттер үчүн номинациялар:*

**1. Илимий-изилдөө иши:**

**Темасы: Сыр-Дарыя дарыясына байланыштуу бир аспект боюнча илимий изилдөө жүргүзүү (экология, социалдык мааниси, этнография, археология).**

***Талаптар:***

- ✓ Илимий доклад: 10-20 беттен турган жазуу жүзүндөгү доклад (А4 форматы). Иллюстрациялар, таблицалар жана колдонулган булактардын тизмеси камтылууга тийиш;

✓ Презентация: 15 слайддан ашпаган PowerPoint (PPTX) же PDF форматындагы презентация даярдоо;
✓ Жумуштун автору өзү болушу керек жана мурда жарыяланбаган болушу зарыл.

**2. Долбоордук иш:**
**Темасы: Сыр-Дарыя дарыясына байланыштуу бир аспект боюнча долбоор даярдоо (экология, тарых, маданият, экономика, социалдык мааниси ж.б.).**
***Талаптар:***
✓ Презентация: Долбоорду 15 слайддан ашпаган PowerPoint (PPTX) же PDF форматындагы презентация түрүндө көрсөтүү;
✓ Презентацияда титулдук слайд (иштин аталышы, автордун аты-жөнү, окуу жайы), киришүү, негизги бөлүк, корутунду жана колдонулган булактардын тизмеси камтылууга тийиш;
✓ Жумуштун автору өзү болушу керек жана мурда жарыяланбаган болушу зарыл.
**3. Видеоролик:**
**Темасы: Кара-Дарыя жана Нарын дарыяларына байланыштуу кыска метраждуу видеоролик жаратуу (экология, тарых, маданият, экономика, социалдык мааниси ж.б.).**
***Талаптар:***
✓ Форматы: Видеоролик MP4, MOV же AVI форматтарында берилиши керек;
✓ Узактыгы: 5 мүнөттөн ашпашы керек, оптималдуу узактыгы 2-4 мүнөт;
✓ Жумуштун автору өзү болушу керек жана мурда жарыяланбаган болушу зарыл.

*Окуучулар үчүн номинациялар:*
**1. Чыгармачылык иш (эссе, аңгеме, ыр, жомок, уламыш):**
**Темасы: Сыр-Дарыя жана Кара-Дарыя дарыялары жөнүндө ойлорун, сезимдерин жана билимдерин адабий формада чагылдыруу.**
**Талаптар:**
✓ Көлөмү: 3 барактан ашпашы керек (А4 форматы, Times New Roman шрифти, 12 өлчөм, 1.5 интервал). Ырлар үчүн көлөмү 30 саптан ашпашы сунушталат;
✓ Тили: Кыргыз же орус тили;
✓ Жумуштун автору өзү болушу керек жана мурда жарыяланбаган болушу зарыл.
**2. Визуалдык иш (сүрөт):**
**Темасы: Сыр-Дарыя жана Кара-Дарыя дарыялары жөнүндө өзүнүн визуалдык түшүнүгүн көрсөтүү.**
**Талаптар:**
✓ Техникасы: Сүрөт каалаган техникада (карандаш, боек, фломастер, коллаж ж.б.) А4 форматынан кем эмес жана А3 форматынан чоң болбошу керек;
✓ Ар бир жумушка автордун идеясын ачып берүүчү кыскача сүрөттөмө (5 сүйлөмдөн ашык эмес) кошулууга тийиш;
✓ Жумуштун автору өзү болушу керек жана мурда жарыяланбаган болушу зарыл.
**3. Кол өнөрчүлүк (колунан жасалган буюм):**
**Темасы: Төмөнкү техникалардын биринде автордук жумуш жасоо: чоподон, бисерден, сайма же токуу менен.**
**Талаптар:**

- ✓ Өз чеберчилигин жана оригиналдуулугун көрсөткөн автордук кол өнөрчүлүк буюм жасоо;
- ✓ Жумуш толук, тыкан жасалып, тандалган темага дал келиши керек;
- ✓ Иштин көлөмүн жана татаалдыгын автор өзү тандайт;
- ✓ Жумуштун сүрөттөрүн электрондук почтага жөнөтүүгө болот;
- ✓ Жумуштун автору өзү болушу керек жана мурда жарыяланбаган болушу зарыл.

**Сыйлануучулар:**

- ✓ Ар бир номинациянын жеңүүчүлөрү баалуу техникалык байгелерди алышат;
- ✓ Мыкты иштер конкурстун уюштуруучусунун маалыматтык ресурстарында жарыяланышы мүмкүн;
- ✓ Чыгармачыл мамиле жасаган катышуучулар үчүн шыктандыруучу байгелер каралган.

**Автордук укуктар:**

Катышуучулар берилген иштердин авторлугуна кепилдик беришет жана алардын конкурсту жайылтуу жана Сыр-Дарыя дарыясын сактоо темасын популяризациялоо үчүн уюштуруучулар тарабынан коммерциялык эмес колдонулушуна макулдук беришет.

**СӨЗСҮЗ!!!**

***Төмөнкү маалыматтарды катка жасыныздар керек:***

- ✓ Кайсы облустан
- ✓ Окуган жери
- ✓ Кайсы курс/класс
- ✓ Аты-жөнү
- ✓ Телефон номери жана электрондук почтасы

**Жумуштарды төмөнкү электрондук почтага жөнөтсөнүздөр болот үчүн: greenalliancemedia@yandex.ru**

Кому GreenAlliance Media

Тема "Конкурс Сыр-Дарья для школьников" и номинация "Визуальная работа"

Добрый день, уважаемая команда Зеленого Альянса Кыргызстана.
Рад принять участие в замечательном конкурсе и надеюсь занять призовое место.

ФИО: Иван Иванов
Область: Нарынская
Адрес: город Нарын, улица Зеленая, 1
Возраст: 12 лет
Школа №1
6 класс
Контактный телефон: 0711 11 11 11
Адрес электронной почты: ivanov@mail.ru
Название работы: "Красота реки Сыр-Дарья"
Номинация: Визуальная работа.

В приложении письма прикрепил фото своего рисунка.
На каникулах ездил к бабушке с дедушкой и видел реку Сыр-Дарья.
Хотелось показать и вам красоту реки своим рисунком.

1 файл 19 МБ

